5. Автор(ы) не указан(ы). [Электронный ресурс]. — Режим доступа: http://irbis.gnpbu.ru/Aref_1993/95-07017.pdf (дата обращения: 15.04.2026).
6. Педагогикалык кесипке даярдоодогу акмеологиялык жагдай // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. — 2023. — № 2 (114). — Б. 17.
7. ЖОЖдо болочок англис тили мугалимин окутууда практикалык багытталган мамилени калыптандыруу // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. — 2023. — № 2 (114). — Б. 145

Рецензент: п.и.к., доцент Байтокова А.С.

УДК: 791.43:001.102(575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-97-103

Аскалиева Г.Б.
КР УИА
Аскалиева Г.Б.
НАН КР
Askalieva G.B.
NAS KR

КИНОНУН ММКНЫН БИР ТАРМАГЫ КАТАРЫ КОЛДОНУЛУШУ ЖАНА АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ КИНОЛОРУНА ТИЛДИК ЖАНА КЕПТИК АНАЛИЗ
ИСПОЛЬЗОВАНИЕ КИНО КАК ОТРАСЛИ СМИ И АНАЛИЗ ЯЗЫКОВЫХ И РЕЧЕВЫХ ОСОБЕННОСТЕЙ СОВРЕМЕННЫХ КЫРГЫЗСКИХ ФИЛЬМОВ
THE USE OF CINEMA AS A BRANCH OF MASS MEDIA LINGUISTIC PECULARITIES OF MODERN KYRGYZ FILMS

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада ММКда кинонун бүгүнкү күндөгү орду, анын коомго да, жеке адамга да тийгизген таасири жөнүндө болмокчу. Ошондой эле Кыргызстанда акыркы мезгилдерде (2015-2023-жж.) чыккан кээ бир кыргыз кинолорунун тилдик жана кептик өзгөчөлүктөрүнө кыскача анализ жүргүзүлүп, ой-пикир айтылмакчы. Жыйынтыгында аталган тармактын өнүгүү муктаждыгы азыркы учурдун актуалдуу маселесине айланып, айрыкча жаштардын кебине катуу таасир тийгизип жаткан учуру талкууга алынат.

Аннотация: В данной статье речь пойдет о месте кино в средствах массовой информации в настоящее время, влиянии на общество и личность. Также проводится краткий анализ языковых и речевых особенностей некоторых фильмов, вышедших в Кыргызстане в последние годы (2015-2023), высказывается мнение о них. Наконец, обсуждается необходимость развития названной отрасли, а также дается анализ его воздействовано на разговорную речь, прежде всего, молодежи, что является одной из актуальных проблем нашего времени.

Abstract: This article discusses the place of cinema in the mass media today, its influence on both society and personality. It also provides a brief analysis of the linguistic and speech features of some films released in Kyrgyzstan in recent years (2015-2023) and expresses an opinion about it. Finally, the need to develop this industry, as well as its strong impact on speech, especially on that of young people, as one of the pressing issues of our time, is discussed.

Негизги сөздөр: ММК; киноэкран; кинематография; визуалдык чөйрө; сленг; лейтмотив; искусство; коомдук аң-сезим.

Ключевые слова: СМИ; киноэкран; кинематография; визуальная среда; сленг; лейтмотив; искусство; общественное сознание.

Keywords: media; movie screen; cinematography; visual environment, slang, leitmotif, art, public consciousness.

Бүгүнкү адам коомундагы интеграциялык процесстерди камсыздоодо, улуттук баалуулуктарды, маалыматтарды элге жеткирүүдө, улуттар жана мамлекеттер аралык байланыштарды өнүктүрүүдө телерадио берүүлөрдүн ролу абдан маанилүү. Акыркы учурда массалык маалымат каражаттарынын ичинен телеберүү тармагындагы коомдун

экономикалык-социалдык өсүшүнө, руханий-маданий өнүгүшүнө таасир этүүчү маанилүү искусство түрүнүн бири катары кинематографиянын орду чоң экенин байкадык. Анткени кыргыз телерадио тармагы – өлкөнү дүйнөгө таанытуудагы бирден-бир маанилүү чөйрө болгондуктан, тилдин, каада-салттын, коомдун материалдык дөөлөттөрүнүн сакталышына эң чоң таасирин тийгизет. Ал эми кино искусствонун бул үлгүлөрдү өз ичине терең камтыган түрү болуп саналып, анын натыйжалуулугун жогорулатуу маселесинин маниси барган сайын жогорулап келе жатканын байкоого болот.

Кино – искусствонун башка түрлөрүндөй эле, турмуш чындыгын чагылдырып көрсөткөн көркөм өнөр. Кино жаратууда чыгармачылык жана уюштуруучулук өзгөчө талап кылынат. Башкача айтканда, кинотасма жаратууга режиссёр, оператор, сүрөтчү, композитор, актёрлор жана түрдүү аппараттарды, аспаптарды башкарган техникалык адистер катышат. Кинонун мыктылыгы – ошол доордо, же өз мезгилинде актуалдуу болуп турган көйгөйлөрдү чагылдырууга, же сценаристтин кенен ой толгоосуна байланыштуу болуп, жогоруда саналып өткөн адистердин жогорку деңгээлдеги иш аракеттеринин натыйжасында ишке ашат. «Негизинен бул тармак визуалдык маалымат берүү багытын камтыйт. Сөз менен ачыкталчу нерсени кино жаратуучулар кабыл албайт. Башкача айтканда, диалог үчүн кино тартылбайт. Кинодо көбүнчө иш аракет, визуалдык чөйрө (атмосфера), визуалдык драматургия ж.б.нын негизинде жаралат. Кинонун дагы бир миссиясы – тигил же бул окуяларды жылнама катары тарыхта калтыруу милдети бар, себеби көпчүлүк кинолор социалдык абалды чагылдыруу максатында тартылат» – дейт Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Ч.Айтматов атындагы кинематография департаментинин директору Акжолтой Бекболотов. [2]

Н.А. Барсегов жазгандай, “заманбап дүйнөдө кинематограф жашообуздун салмактуу бир бөлүгүн ээлеп калды. Кино массалык коммуникация каражаттарынын системасына тийиштүү экенин далилдештин кажети деле жок” [1, б. 1].

Азыркы ааламдашуу доорунда кинонун коомдогу ролу мурдагыдан да күч алды. К.Ю. Мелконяндын кинонун “заманбап маданияттын дүйнөнүн бардык аймактарындагы социалдык-маданий процесстерге аныктоочу таасир берген доминанттуу феномендеринин бири болуп калганын” баса белгилегени бекер эмес [7, б. 259]. “Татаал жана карама-каршылыктуу социалдык процесстерди чагылдырып, киноэкран маданияттын демократташуусунда чечүүчү роль ойноп, жалпы планеталык масштабда социалдык-маданий жагдайдын өзгөрүүсүн тынымсыз берип турат”, – деп сөзүн улайт ал. – Көп жагынан кинонун мейкиндик-мезгилдик табияты менен, ошондой эле ал искусствонун мурда бар болгон бардык башка түрлөрүнүн синтези болуп калгандыгы менен түшүндүрүлөт .

Башка өлкөлөрдөгүдөй эле, Кыргызстанда да кино тармагы пайда болгон күндөн тартып эле тез арада коомдук турмуштан өзүнүн ордун тапты. Мунун себебин М.Б. Капелюш кинонун калктын бардык катмарына кайрылгандыгы менен түшүндүрөт. “Чындыгында кинематография дароо эле массалык маалымат каражаты болуп калды, анткени ал тез эле өз алкагына калктын чоң бөлүгүн камтып алды” – дейт ал [4, б. 104]. Демек өлкөбүз эгемендүүлүккө жетишип, кыргыз тили мамлекеттик тил болуп калаары менен Кыргызстандын саясий да, тилдик да жактан өнүгүүсүндө кино чоң роль ойноп, замандын талабына жараша тез өнүгө баштагандыгы да мыйзам ченемдүү нерсе болуп калганын сездик.

Кинонун коомго да, жеке адамга да тийгизген күчтүү таасири жөнүндө кеп кылсак, анда бул кино өнөрүнүн, бир жагынан, көркөм өнөрдүн бир бөлүгү болуп, күчтүү эмоционалдуу компонентке ээ болгондугу менен, экинчи жагынан, анын түздөн-түз адамдын аң-сезимине кайрылып, “массалык баарлашууну жана маданиятты жараткан фактор” болгону менен шартталат [4, б. 105]. Кино “коомдук аң-сезимди, пикирди калыптандырат, социалдык стереотиптерди ж.б.у.с. жаратат. Кино аркылуу адам жүрүм-турумдун белгилүү стереотиптерин өздөштүрөт. Нравалык-эстетикалык реалдуулуктун нарк-насили калыптанат. Кино массалык аң-сезимге таасир берүүнүн натыйжалуу куралы болот” [1, б. 1-2]. Жогоруда айтылган аң-сезим менен жүрүм-турумга тилдик аң-сезим жана тилдик жүрүм-турум да кирет. Эскерте кетчү нерсе, дал ушул жагынан бир маанилүү карама-каршылык пайда болот: бир чети, кино чындыкты болгондой чагылдырышы керек, демек, кинокаармандардын кеби да турмуштагыдай болууга тийиш, бирок, башка жагынан алганда, жалпы сүйлөөчүлөрдүн, айрыкча жаштардын сүйлөө стили кинодон уккан

кептин таасирине кабылбай койбосун эске алып, кино тармагында иштегендер өздөрүнүн коомдук жоопкерчилиги жөнүндө унутпай, тасмаларда колдонулган кептин сапатына кылдат көңүл буруулары шарт.

Мындай шартта кино тармагынын коомго тийгизген таасирин – өзгөчө жаштарга карата – ар тараптуу жана терең ойлонуу зарыл. Бул жөнүндө Я.В. Дворянчиков жана Е.С.Шепелева эң жакшы жазышат: “Ааламдашып бараткан дүйнөнүн социалдык-маданий реалдуулугу этномаданий идентүүлүктүн субъективдүү негизде аныкталуучу идентүүлүк катары калыптануу ыктымалдулугун дээрлик баары үчүн кыйла төмөндөтөт, мындан глобалдык интернетке жабык болгон өлкөлөр гана четтеши мүмкүн. Кеп өспүрүмдөргө, жаштарга реалдуулукту иликтөө жана аңдап билүү маалымат мейкиндигинен: социалдык тармактардан, интернеттен (жалпысынан), телекөрсөтүүдөн, кинематографтан ж.б.у.с.дан келгендигинде. Алар өздөрүн жаңы бир нерсенин жанынан көрүшөт, бирок мурда ошол жаңы нерсе алар жеке тааныш болгон адам болсо, эми бул интернеттен келген көрмө элес гана болушу мүмкүн. Дүйнөнү түшүнүүнүн белгилүү бир модели, жүрүм-турумдун үлгүлөрү ж.б. балага компьютердин же телевизордун экраны аркылуу караган жана өзүн айланасындагылардан башкача алып жүргөн ошол “башка бирөөгө” байланыштуу калыптанат. Башкача айтканда, жаңы муун калыптанып келе жатат. Ал муун өздүк идентификациянын жаңы чен-өлчөмдөрүнө ээ болуп, физикалык жана жасалма (виртуалдык) реалдуулуктарды бирдей чындык катары кабыл алат” [3, б. 47]. Чындыгында, кино өнөрү — бул адамдарга жаңы дүйнөлөрдү, эмоцияларды жана түшүнүктөрдү көрсөтүүчү чоң бир аалам. Ошол себептен, кино тармагындагы бардык муундар үчүн жоопкерчилик чоң. Тасмаларда колдонулган кептин сапаты коомдук пикирди, анын ичинде жаштардын сүйлөө стилин түзүп, алардын дүйнө түшүнүгүн өзгөртүүгө таасир эте алат. Кинонун тили, анын иштелип чыккан диалогдору жана тасмалардагы инсандык түшүнүктөргө карата көз караштар жаштарга өзгөчө чоң таасир берип, алардын келечекке болгон мамилесин калыптандырат. Кино өндүрүүчүлөр үчүн бул өтө маанилүү, анткени алардын чыгармачылыгы коомго таасир этип, келечектеги муундардын ой жүгүртүүсүнө, баалуулуктарына жана акыл-эсинин калыптанышына чоң роль ойнойт. Ошондуктан, тасмаларда колдонулган кептин сапатына кылдат көңүл буруу жана жаш муунга туура таасир калтыруу — бардык кино ишмерлеринин коомдук жоопкерчилиги.

Акыркы мезгилдерде Кыргызстанда кино индустриясы мыкты өнүгүп келе жатканын байкоого болот. Биринин артынан бири чыгып жаткан жаңы кыргыз кинолору кыргыз мамлекетинин маданиятына аз да болсо өз салымын кошту деп айта алабыз. Кыргыз кино тармагы 1940-жылдардан баштап өз чыйырын салгандыгын тарых баракта тастыктап турат. Маалымат булактарындагы кыргыз кино казынасына кайрылсак: 1955-ж.- «Кыргызфильм» улуттук киностудиясынын базасында "Мосфильм" киностудиясынын режиссёру В. Пронин «Салтанат» көркөм фильмин, 1964-ж. «Кыргызфильм» киностудиясынын өз режиссеру М. Убукеев кыргыз киносундагы алгачкы кинотасма болуп эсептелген "Тайгак кечүү" толук метраждуу көркөм фильмин тарткан. 1960—1970-жж. «Кыргызфильмде» Чыңгыз Айтматовдун көптөгөн чыгармалары экрандаштырылып, Лариса Шепитько («Аптап» («Зной»)), Андрей Кончаловский («Биринчи мугалим» («Первый учитель»)) сыяктуу режиссерлор алгачкы эмгек жолун башташкан. Кийинчерээк бул студияда кыргыздын белгилүү режиссёрлору Болотбек Шамшиев («Караш-Караш», «Ак-Кеме», «Фудзиямага көтөрүлүү») жана Төлөмүш Океевдер («Кызыл алма», «Ак илбирстин тукуму») эмгектенишкен. 1972-ж. Болот Шамшиев «Ысык-Көлдүн кызгалдактары» аттуу тасмасын жарыкка чыгарган. [11]

Албетте бул мезгилдин өзүнө ылайык жашоо образы болгондуктан, фильмдердин тематикасы да ошол мезгилдин талабына жооп берген. Сюжеттик өзөгүн бүгүнкү күндөгү тартылып жаткан кинолордун сюжетине салыштырууга болбойт. Себеби ар бир доордун өзүнчө актуалдуулугу бар. Ошого байланыштуу кеп маданияты да, тилдик каражаттарды колдонуу өзгөчөлүктөрү да башкача. Ошентсе да кеп маданиятынын мезгилге көз каранды болбогон, жалпы талаптары бар экенин унутпашыбыз керек. Мезгилге шылтап, бүгүнкү күндө кино кебинде учураган маданиятсыздыкты көңүлдүн сыртында калтырганга болбойт.

Бүгүнкү күндөгү кыргыз кинолорунун тилге тийгизген таасири туурасында А. Бекболотов мындай дейт: “ Негизинен кино - жашоонун чындыгын, же көрүүчүнү чындыкка жетелөө максатында ошол жашоонун сүртүмдөрүн экранга алып келүүчү жанр. Андыктан, акыркы жылдарда тартылган

фильмдерде кыргыз кинолорундагы мамлекеттик тилдин колдонулушу, албетте, социалдык абалга байланыштуу ишке ашырылып жатканын байкап келебиз. Эгемендүүлүктөн берки убакытты алсак, айрыкча 2010-жылдардан бери карай орусча-кыргызча аралаштырып сүйлөө, же сленгдерди кошуп сүйлөө процесси күч алды. Көрүүчү буга критикалык көз караш менен эмес, анализдик көз караш менен караганда гана бул тармак ар кандай сындардан алыс болмок. Себеби аралаштырып сүйлөө жагымсыз угуларын көрүүчү экрандан көрүп, өзүнө-өзү сын көз карашта болуусу шарт.” – экендигин айтат [2]. Тилекке каршы, мындай көз караштын экинчи жагы болгон сын көз менен карагандар да бар экендигин баса белгилеп кетишибиз керек. Анткени биринчиден – коомчулуктун кабыл алуусу, аң-сезими тең, бирдей деңгээлде эмес, экинчиден – балдар, жаш өспүрүмдөр бардык эле маалыматты түз кабыл алышат. Ойлонуп, өз алдынча анализ жүргүзүү үчүн алардын акылдары жетиле элек болушу мүмкүн. Кыргыз кинолорундагы бүгүнкү коомду чагылдырган тилдик каражаттарды алар өз турмушунда дал ошондой колдоно баштаары анык. Кино жаратуучулар мына ушул жагын да эске алып, коомдун бардык чөйрөлөрүнө жакшы таасир калтырган идеядагы жана тилдик нормативдерди бекем сактаган фильмдерди тартуу кылуусу зарыл.

“Радио-телеберүү концепциясында” кыргыз кинолоруна байланыштуу жакшы сунуштар каралган:

- улуттук кинематографтардын мыкты чыгармаларын трансляциялоо;

- кыргыз адабиятынын чыгармаларын экрандаштыруу;

- элдик чыгармачылык жөнүндө берүүлөр аркылуу маданиятты жана искусствону өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

- Кыргыз Республикасынын тарыхы жана улуттук дөөлөттөрү жөнүндө;

- тааныш-билүүчү берүүлөрдү, маданий жана башка иш-чаралар тууралуу программалар;

- оюн-зоок программаларын трансляциялоо аркылуу Кыргыз Республикасынын туризм үчүн жагымдуу кадыр-баркын калыптандырууга көмөктөшүү; [6].

Албетте мындай багыттагы иш алып баруулардын көп болушу, кыргыз телеберүүсүнүн оброюн абдан көтөрмөк. Айрыкча кыргыз кинолорунун келечеги, перспективасы үчүн маанилүү роль жаратмак.

Акжолтой Бекболотов кандай болгон күндө да кыргыз кинолорунун байма-бай чыгып турушун жакшы жышаан катары карап, азыр дүйнөдөгү көптөгөн оош-кыйыш процесстердин негизинде көп улут өзүнүн иденттүүлүгүнө кайта баштаганын, мындай процесс акыркы 3 жылда Кыргызстанда да байкалып жатканын жана негизинен кино тармагында көптөгөн талаш маселелер да болуп турарын баса белгилеген. Ошол эле учурда кээ бири тилди пропагандалоо керек дешсе, кээси көчөдөгү колдонулган сленг кинодо колдонулбашы керек дешип, бул эки тараптын да ар биринин өз чындыгы бар экендигин, бирок мындай нерселерди көбүнчө жанр аныктап кете турганын белгилеп өткөн. Себеби комедиялуу кинолордо диалог маанилүү. Анткени диалогдун негизинде образдар ачылып, драматургиядагы лейкмотивдик иш-аракеттер жүзөгө ашып, анын жыйынтыгы элди күлдүрөт. Ал эми драмаларда сөз минимумга түшөт – деген түшүндүрмөсүн берет. Ошондой эле ал: “Социалдык баракчаларда: “Борбордук Азиядагы мамлекеттерде голливуддук кинолор менен кыргыз кинолору гана ат салыша алат жана көп учурда утуп кетет”, – деп айтылып жүргөнүн, бул маалымат кассанын жыйынтыгы менен далилденгенин эскерет. Бул кыргызстандыктардын кыргыз киносуна болгон кызыгууларынын себебинен жана кино жаратуучулардын элди тарта билүүсүнөн болот деп эсептейт. Коңшу мамлекеттерге салыштырмалуу Кыргызстан өз тилинде кино жаратат. Тактап айтканда, улуттук жана жеке киностудиялар кинолорду кыргыз тилинде гана тартышат. Болгону чет жакка чыгарууда жеке киностудиялар жараткан кинолордун тилин которуп, үн коштотуп коюшат. Ал эми Улуттук киностудиянын тасмаларында мындай ыкма колдонулбайт, болгону субтитр менен беришет. КМШда орус, англис тилдеринде да тарта беришет [2]. Мындай баалоо кыргыз кинолорунун жогорку деңгээлге чыгып бара жатканынан кабар берет. Чындыгында кыргызстандыктардын жаңы кыргыз кинолорунун чыгышын чыдамсыздык менен күтүп, кинотеатрларда билеттердин калбай калышы, көпчүлүктүн кызыгуусун арттыруусу – кыргыз маданиятына эбегейсиз салым кошуусу деп түшүнүүгө болот. Ошону менен катар жалпы адамзатка эстетикалык зор таасир тийгизип жатканы бааланбай турган нерсе эмес. Сандан сапат ачылат дегендей, жеке менчик киностудияларда алгачкы тартылган фильмдерге караганда акыркы жылдарда тартылган фильмдердин тилдик да,

сюжеттик да көркөмдүүлүгү артып бара жатат. Мисалга бир нече кинолорду анализге алып көрөлү.

1. Зуура Сооронбаеванын “Чоочун киши” чыгармасынын негизинде Жеңишгүл Өзбекованын продюсерлиги алдында тартылган киносериалдын сюжеттик элементтерине тилдик нукуралуулук төп келип, ал жөнөкөй турмуштун көркөмдүгүн мыкты ачып берген. Чынында эле, бул кинодо кыргыз тили каармандардын речинде терең сакталып, кыргыз элинин маданиятын жана дүйнө түшүнүгүн чагылдырууга чоң маани берилген. Кинонун тили терең, маанилүү жана бай келип, эч кандай сленг, жаргондорду жолуктурууга болбойт. Ошондой эле, бул кинодо, жалпы эле, кыргыз тилинин рухун жана анын маданий баалуулуктарын сактоо максатына чоң көңүл бурулган, бул анын эстетикалык маанисин жана улуттук өзгөчөлүгүн мындан да байытып, кыргыз тилинин жана маданиятынын өркүндөшүнө зор салым кошо тургандыгын көрсөтөт [12].

2. 2015-жылы чыккан Сүйүн Откеевдин “Көпөлөк” кыска метраждуу кино тасмасы кыргыз тилинин нукуралуулугун, анын көркөм күчүн жана улуттук өзгөчөлүгүн сактаган кино тасма катары өз ордун тапты. Анын тили каармандардын аракети, ички дүйнөсү жана эмоциялары менен тыгыз байланышта чагылдырылган. Ар бир каармандын образына жараша тилдик элементтер туура пайдаланылып, кээ бир учурларда гана окуянын жүрүшүндөгү кырдаалга жараша орус тилин аралаштырган. Тагыраак айтканда, башка кинолорго салыштырмалуу кыргыз тилин 80 % колдонгон десек жаңылышпайбыз [9].

Ал эми тарыхый кинолордо тилдик норма жогорку деңгээлде сакталгандыгын баса белгилеп кетишибиз керек. Анткени бул типтеги тасмаларда өткөн доордун атмосферасын чагылдыруу үчүн тилдин туура жана нукура колдонулушу өтө маанилүү. Тарыхый кинолордо айрым учурларда тилдин өзгөчөлүктөрү жана грамматикалык нормалары ошол доордун айкын элесин берүүчү маанилүү каражат болуп саналат, анткени мындай кинолордо көркөмдүк менен бирге элдин тарыхын жана маданиятын чагылдыруу да өзгөчө мааниге ээ. Тилдин өзгөчөлүктөрү аркылуу ошол мезгилдердин өзүнчө атмосферасын түзүү, көрүүчүнүн угуусуна жана түшүнүгүнө так жана терең таасир этүү максатында мындай кинолордо тилдин колдонулушу негизги роль ойнойт. Мисалы: «Курманжан датка» (2014) фильмде кыргыздын тарыхый жана улуттук баалуулуктарына терең басым жасалган. Тасмада Курманжан датканын жоокерлик жана лидерлик сапаттары чагылдырылат. Мында Курманжан датканын сүйлөө тили өзгөчө, улуттук каада-салттарга жана саясий күрөштөргө карата айкын, таамай жана бийик деңгээлде колдонулган. Бул өзгөчөлүк көрүүчүнүн ошол доордун чындык чөйрөсүнө кирүүсүнө жардам берген [10].

Чындыгында тарыхый кинолордо каармандардын сөздөрү эски кыргыз тилинде зор маани-маңыз менен айтылат. Кыргыздын баатырдык руху сакталып, ошол доордогу кыргыз тилинин түзүмү бай жана эмоциялык жол менен көрсөтүлөт. Мисалы, каармандар бири-бирине катуу талаптарды коюп, өзүнүн ой-пикирлерин ачык, так билдирип, ошол мезгилдеги эне тилдин бардык күчүн жана маанилүүлүгүн көрсөтүшөт. Башкача айтканда, каармандардын диалогдору жана эмоциялары өзгөчө кайраттуу жана маанилүү колдонулуп, ошол убактагы кыргыз коомунун түзүмүнө жана каада-салттарына дал келген. Мындай тасмалардын тили улуттук маданиятты жана тарыхты сактоого эң чоң өбөлгө түзөт.

Тарыхый сүйлөө тили менен азыркы тилди кинонун ичинен салыштырып көрөлү: Мисалы “Курманжан датка” киносунда Алымбек датка менен Курманжандын таанышуусунда Алымбек датка: “Атың ким, чырагым?”- деп эркелетүү менен суроо салат. “– Атым Курманжан. Мунгуштун Маматбайдын кызымын.” – деп ошол кездеги кепке ылайык уруу-тегин кошуп жооп бергени берилет. Грамматикалык жактан алганда, бул сүйлөм толук сүйлөм болуп, кептеги тактыкты айгинелейт. Ушул эле “чырагым” деген сөздү кийинки муун тамаша-какшык маанисинде колдонгон учурларды көп кездештиребиз. Керек болсо бул сөз кийин чыккан “Напарниктер” деген кинодо айылга жаңы келген милиционердин өзүнүн өнөктөшү (напарник) менен таанышуу учурунда жана ошол райондук милиция кызматкеринин (участковыйдын) кокусунан жолугуп калган бир жаш кызга таанышуу иретинде берген суроосунда колдонгонун көрөбүз. Бул эки кинодо тең “ - Атың ким, чырагым?”- деген сөз эч өзгөрүүсүз колдонулса дагы, биринде ата-баба кебиндеги нукура кыргыздын кебин ачып берген, экинчисинде ата-баба кеби бүгүнкү коомдо кандайдыр бир тамашага айланып бара жаткандай түр калтырган. Азыркы жаш муун ушул “Напарниктер” киносун көргөндөн кийин “чырагым” сөзүн көп колдонуп

жүргөнүнө күбө болобуз. Демек кандайдыр бир деңгээлде кыргыз киносунун келечек муунга түздөн-түз таасири бар дегенге толук негиз бар экенин айтпай коюуга болбойт.

Акыркы мезгилде кино тармагы бардык жактан: сюжеттик көркөмдүк жактан, идеясынын маанилүүлүгү жагынан, кепти пайдалануудагы коомго тийгизген таасири жагынан да мыкты көзөмөлгө алынып, оңолуу жагы байкалып калды. Орто мезгилде мындай сын-пикирлердин жоктугунанбы, айтор ким кааласа өз билемдик менен “кыргыз тилдүү эмес кыргызча кинолор” чыгып калган. Мисалы, жаштар сүйүп көргөн **“**Напарниктер**”** деген кинодо турмуш чындыгы эң сонун чагылдырылган. Бүгүнкү кепти даана көрсөткөн. Бул кинону жакшы деп айтууга негиз бар. Себеби коомдогу кеп маданияттын чындыгын таамай ачып берген. Бирок ошол эле учурда жаштардын тилин башка нукка бурууда эң натыйжалуу үлгү болуп берип жаткандыгын эске алышыбыз керек. Карап көрөлү: кинонун башталышында эле айылдык участковый жардамчысы менен кайсы бир айылдардын биринде‌ги сарайга барып, иликтөө ишин жүргүзүп жаткан жеринен башталат. Анда дароо эле “...протокол түзө берчи, Молой, мен барып личный расследование жасап келейин. ...Собака лает, браконерство идёт. Анан конечно карышкырлар сиздин койлоруңузду өлтүрөт. Сиз алардын тамагына кол салып жатсаңыз. Это - называется биологическая равновесия, правильно? Заявление биз сизге жазабыз. Давай, Молой, оформляй. Муну невосстонавительный ущерб деп коёт. Тем более мунун штрафынын 30% тапкан адамдыкы болот...” [8]. Мында көрүнүп тургандай кыска эле диалогдо кыргыз тили 50%ды да түзбөй калгандай сезилет. Бул диалогдогу Молой сөзү күндөлүк турмушта жаштар кебинде абдан көп колдонулат. Ошондой эле “расследование, заявление, равновесие, тем более” деген сөздөр кыргыз тилинин төл сөзүндөй эле колдонулуп келе жатканын күнүмдүк турмушта далай байкайбыз. Демек, жогорудагы кеп турмуш чындыгын ачык көрсөтүп турат. Мындай көрүнүш кино тармагында бир калыпта эле өнүгө бербеш керек. Кино жаратуучулар ушул жагын эске алып, тилдин чар жайыт колдонулушу эң жаман көрүнөрүн, келечекке балта чаап жаткандыгын ачып берген жыйынтыкты көрсөтө тургандай кино тартылышы керек экенин азыркы кино жаратуучулар эске алышы керек.

Ошондой эле “Чайки-Зайки” аттуу кинодо үч курбу кыздын диалогунда орус тили, диалектилик кеп жана кыргыз тилинин аралашмасы айкын берилген.

“... - Гуля, вчера же предложения же была?..

– Эй айтпа, эй! Жаман “незнатик” болду ээ?

– А ты прикинь, если все мужчины были бы таким как он, нам девушкам была бы намного проще.

– Эй, эркектин баары ошондой болсо, анда бизге окшогон “карадалкалар” эртерээк күйөөгө тийип, кыргыздар көбөйүп, “демократический взрыв” болмок, эй.

– Гуля, “демографический взрыв”...

- Эй, өлаа... Бекказы тирик колумду сураганда “да”деп коё бербей...

- Кайсы Бекказы?

- Бекказы самагончу...

- Айка, сенин Тимаң эмне болду?

- Какой Тима?

- Тима ТЕЦчи...

- Тима узунбу?

- Жок, алиги калянщиги...

- Ой, этот что-ли? Ой нет, спасибо! Он в свадьбу кредит хотел привести...

- Ужасс!

- Бота, а твой который в Нью-Йорке?

- Ой! Да пошёл он, ошол Америкасына жашасын. Ошол жактан Наоми таап алсын. Мен аны төрт жыл күттүм!

- Эй, хатико, мне “Титанигиңер” чөктүбү?

– Ооба, эй, Айка, тайдыкпы? Кеттик, эй.

- Да, надо собирается” [5].

Бул жерде адабий тилдин нормасына жатпаган кеп колдонулган. Алсак, каармандар ар түрдүү кепти (макароникалык кепти (Слепцов)) абдан көп колдонгон. Алсак, бири чыныгы орус тилдүү, бири диалекти менен сүйлөйт. Кыргызча сүйлөгөн каарман да жок дегенде орусча бир сөз кошкон (незнатик, демографический взрыв, ужасс, да пошёл он); жаргон сөздөр да пайдаланылган (карадалка, хатико, самагон, калянщик, тайдыкпы); диалектилик сөздөр (өлаа, тирик, алиги***)*** ж.б.

Кичинекей эле диалогдо кыргыз тилинин бир топ аксап калганын көрүүгө болот. Мындай кинолор комедия жанры үчүн маанилүү, бирок жаштарга болгон таасирин көмүскөгө калтырып койгону өкүндүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, кээ бир жеке менчик кино студияларда көзөмөл жокко эсеби, айтор ар бир кино жаратуучу коомдук турмушту ачып берүү максатын гана көздөп, көбүрөөк комедия жанрына басым жасашып,

кыргыз тилинин көркөмдүүлүгү, моралдык мыйзамы, жаштардын маданияттуулугунун көрсөткүчү экинчи орунда калып жатканы зээнди кейитпей койбойт. Анткени адамдын аң-сезиминде канчалаган унутулгус образдар, аны толкундатуучу окуялар, таамай айтылган сөздүн күчү менен каармандардын зор чеберчилиги айкалышканда гана ишке ашарын жаратуучулар терең түшүнүүлөрү зарыл. Мындай эстетикалык сергек сезимди пайда кылууда тилдик көркөм сөз каражаттарынын эң чоң таасири бар экендигин эстен чыгарбоо керек. Кыргыз кинолору элибиздин жашоо-турмушун, тарыхый окуяларын жана улуттук баалуулуктарын чагылдырган негизги каражаттарынын бири. Алар аркылуу кыргыз тили, маданият жана салттар кийинки муундарга жетип, сакталуусу абзел.

Колдонулган адабияттар

1. Барсегов Н.А. Кино как средство массовой коммуникации [Электронный ресурс]. – 2021. – Режим доступа: https://www.tsutmb.ru/nauka/internetkonferencii/2021/zhurnalistika_v_epohu_cifrovyh_transformacij/2/Barsegov.pdf (дата обращения: 06.03.2026). – С. 1–2.
2. Бекболотов А. Сурамжылоо. – 23.10.2023.
3. Дворянчиков Я.В., Шепелева Е.С. Экранная культура как способ формирования личности современной молодежи // Форум молодёжной науки. – 2021. – Вып. 2, № 3. – С. 45–48.
4. Капелюш Б.М. Кино как средство массовой коммуникации // Научная сессия ГУАП: сборник докладов научной сессии, посвященной Всемирному дню авиации и космонавтики. – Санкт-Петербург, 08–12 апреля 2019 г. / под общ. ред. Ю.А. Антохиной. – СПб.: Санкт-Петербургский государственный университет аэрокосмического приборостроения, 2019. – Ч. III. – С. 103–104.
5. Касымов З. «Чайки-Зайки»: кинокомедия.
6. Кыргыз Республикасында телевизиондук жана үндүк берүүлөрдү өнүктүрүүнүн концепциясы: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 19-сентябрындагы № 581 токтому.
7. Мелконян К.Ю. Киноискусство как фактор формирования социокультурного пространства современного общества // Вестник Ставропольского государственного университета. – 2010. – № 66. – С. 259.
8. Осмонканов Б. «Напарниктер»: кыргыз киносу. – 2015. – Режим доступа: https://vk.com/enchannel7kg (дата обращения: 06.03.2026).
9. Откеев С. «Көпөлөк»: көркөм фильм. – 2015. – Этномедиа кино. – Режим доступа: https://www.youtube.com/@etnomediakg (дата обращения: 06.03.2026).
10. Шер-Нияз С. «Курманжан датка»: көркөм фильм. – 2014. – Режим доступа: https://www.youtube.com/watch (дата обращения: 06.03.2026).
11. Кыргыз кино казынасы [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.super.kg/article/?article=3427 (дата обращения: 06.03.2026).
12. Сооронбаева З. «Чоочун киши»: көркөм фильм. – 2023. – Этномедиа кино. – Режим доступа: https://www.youtube.com/@etnomediakg (дата обращения: 06.03.2026)

Рецензент: ф.и.к., доцент Жамашева Г.З.

УДК:37.013
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-103-107

Аркабаева А.С.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Аркабаева А.С.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Arkabaeva A. S.
KNU Jusup Balasagyn

КЫРГЫЗ ЭЛ МУГАЛИМИ, РЕФОРМАТОР, КООМДУК ИШМЕР: МУКАШ БАЗАРКУЛОВДУН БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ ОРДУ
КЫРГЫЗСКИЙ НАРОДНЫЙ УЧИТЕЛЬ, РЕФОРМАТОР, ОБЩЕСТВЕННЫЙ ДЕЯТЕЛЬ: РОЛЬ МУКАША БАЗАРКУЛОВА В СФЕРЕ ОБРАЗОВАНИЯ